«Бекитемин»

Мектептин директору Мөңкокулова А.К

**Кемин районунун Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектеби**

# Декада иштеринин жобосу:

**1.Жалпы жобо**

1.1Мектептин предметтик жумалыгы,декадасы,айлыгы жыл сайын мамлекет тарабынан иш билги мугалимдердин профессионалдык деңгээлин көтөрүү максатында пландоо аркылуу окуучулардын чыгармачылыгынын жана өнүгүүсүн жайылтуу үчүн уюштурулат.

1.2Предметтик жумалыгынын,декадасынын ,айлыгынын тапшырма

-ачык саат,класстан тышкаркы иштер аркылуу мугалимдин профессионалдык чеберчилиги аркылуу даярдалып ишке ашырылат.

-предметтик иш-чараларды класстан тышкаркы мүнөздө уюштуруу менен окуучулардын кызыкчылыктарын таанып билүүсүн стимулдаштырат,жайылтат.

-окуу тартибин эске алуу менен окуучулардын кызыкчылыгын,өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатат.

-чыгармачылык мүмкүнчүлүккө умтулган окуучуларга ББ тармагынын окуу процессин эске алуу менен тереңдетип окутууну көздөйт.

-пед.техникалар аркылуу окуучуларды илим техника,көркөм чыгармачылык тапмагына топтоо.

**2.Предметтик жумалыкты,декаданы,айлыкты уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

2.1Предметтик жумалыкты,декаданы,айлыкты МБ планынын негизинде иш жүргүзүлөт.

2.2Предметтик жумалыкты,декаданы,айлыкты окуу жылынын башында метод кеңештин чогулушунда аныкталып,бирдей түзүлөт.

2.3Декаданын,жумалыктын,айлыктын иш-чараларынын максаты тематикасына дал келиши керек

2.4Декаданын,жумалыктын,айлыктын уюштуруучусу МБ болот.

2.5Декаданын, жумалыгынын,айлыгынын катышуучулары:

-предметтик жумалыкты өткөрүп жаткан топ,бардык мугалимдер,предметтик мугалим

-класстан тышкаркы иштер параллель класс менен

-жалпы мектеп иш-чарасы

-ар кандай окуу-тарбия иштери

2.7Декаданы пландоодо эске алынуучу

-МБ нин бардык мугалимдеринин катышуусу.

-сабактын,иш-чараларынын өтүлүүсүнүн ар кандай формалары.

-класстан тышкаркы иш-чараларга бардык окуучуларды катыштыруу.

-иш-чаранын графиги так,датасы,өтүү мөөнөтү,жоопту мугалим,фамилиясы,аты жазылат.

-иш-чаранын башталаарына 1 жума калганда тапшырмалары завучка берилет.

-2.8МБ кеңешмесинде чыгарылган жумалыктын план-графиги талкууланып,ОББ тарабынан бекитилет.

-2.9Ар бир предметник декада учурунда жок дегенде 1 предметтик жумалыкка байланыштуу сабак өтүшү керек.

2.10Ар предметник мугалим тематикага байланыштуу 1 иш-чара өтүшү керек.

2.11Предметтик декада мектеп имаратынын ар кандай жерлеринде (зал,фаэ,класстык бөлмө,ж.б)өтүлсө болот,ар башка көрсөтмө маалыматтар менен коштолот.

2.12Предметтик декада аяктагандан кийин МБ нин чогулушунда иш-чараларынын өтүшү талкууланып,анализделет.

2.13Предметтик декаданын жыйынтыгында ОББ төмөнкү дркументтерди топтойт.

-предметтик декаданын өтүлүү графиги.

-пед.кызматкерлердин жана окуучулардын фамилиясы,аты белгиленип,маалымат жазылып,сыйлыктар берилет.

2.14Чыгармачылык иш-чаралардын жыйынтыгы пед.кеңешмеде,директорго угузулат.

Место для формулы.